КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
АК-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

Тилекмат айылы,
Асаналиева № 42

факс 60201
тел. 60203

село Тилекмат,
ул.Асаналиева № 42

# ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТҮҮ СЕССИЯСЫНЫН

# ТОКТОМУ

2022-жылдын 01-ноябрындагы №56 Тилекмат айылы

**Ак-Дөбө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн "2022-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө"**

Ак-Дөбө айыл аймагынын айылдык кенешинин финансы -экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын кароосунда каралып, Ак-Дөбө айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы А.Тыныбековдун наамына, айыл өкмөт башчысы М.Алиевдин наамына түшкөн кайрылуулардын жана жумуштун муктаждыгына байланыштуу 2022-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча айыл өкмөт башчысы М.Алиевдин сунуштарын угуп жана талкуулап Ак-Дөбө айылдык кенештин сессиясы токтом кылат:

1. Ак-Дөбө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын жергиликтүү бюджетине 9 айынын жыйынтыгы менен өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) Ак-Дөбө айыл аймагындагы билим берүү мекемелерин камсыздандырууга жылына тиешелүү акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2) Ак-Дөбө айыл аймагынын Тилекмат, Ак-Дөбө, Аң-Өстөн, Мундуз айылдарына 4 даана БИМ аппараты алынсын.
3) Тилекмат айылынын стелласына деп каралган 1млн.сом иштин муктаждыгына байланыштуу жылдырылып, каралган иштерге жумшалсын:
   -Аймагыбыздагы "Көк бөрү" улуттук оюндун катышуучуларына (улакчылар) форма алып берүүгө- 200000 (эки жүз мин) сом.
   -Алтымышбаев мектебинин күрөш кружогуна – 100000 (жүз миң) сом.
   -Тилекмат айылынын ички жолдоруна -700000 (жети жүз мин) сом менен бекитилсин.
4) Ак-Дөбө айыл аймагындагы Ы.Сооронбаев, К.Байбеков, С.Давлетов, А.Алтымышбаев мектебинин техникалык жана ашкана кызматкерлерине атайын форма алынып берилсин. Жергиликтүү бюджеттен сметасына жараша акча каражаты бөлүнсүн.
5) Аң-Өстөн айылынын Ы.Сооронбаев мектебине келген компьютерлерди интернетке туташтырууга жергиликтүү бюджеттен керектүү материалдары алып, туташтырылып берилсин.
6) "Ассанабиль" кайрымдуулук фонду аркылуу үй бүлөөлүк дарыгерлер тобунун имараты, мечит медресеси менен учурда курулуп, иш жүрүп жаткандыгына байланыштуу, иштеген адамдарга жатаканасын, эртең мененки, кечки тамагын уюштуруп берүүгө жана ачылыш аземине деп жергиликтүү бюджеттен 450.0 (төрт жүз элүү мин) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
7) Мундуз айылындагы ИСКАКБ "Мунак" ичүүчү сууларды керектөөчү коомдук бирикмесине жергиликтүү бюджетин таза суу беренесинде турган суммадан 35.0 (отуз беш мин) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.